# “Эркелечи”

сөзү: Темиркул Үмөталиевдики.

обону: Маматмуса Бакировдуку.

Моймолжуган көзүңдөн айланайын.

Узун кара чачыңа байланайын.

Жабыркатса жалгыздык келчи бери,

Жаман суук сөздөрдөн далдаалайын.

Жабыркатса жалгыздык келчи бери,

Жаман суук сөздөрдөн далдаалайын.

Эркелесең чарчабай эркелечи

Эс алчу кез биз үчүн эрте дечи.

Эркелесең чарчабай эркелечи

Эс алчу кез биз үчүн эрте дечи.

Жаным бирге жаш селки Ала тоолук

Эркелечи наристе бала болуп,

Бул дүйнөнүн күн жеткис жыргалындай,

Жарык чачкан ак жүзүң айдай толук.

Бул дүйнөнүн күн жеткис жыргалындай,

Жарык чачкан ак жүзүң айдай толук.

Эркелесең чарчабай эркелечи

Эс алчу кез биз үчүн эрте дечи.

Эркелесең чарчабай эркелечи

Эс алчу кез биз үчүн эрте дечи.

Моймолжуган көзүңдөн айланайын.

Узун кара чачыңа байланайын.

Жабыркатса жалгыздык келчи бери,

Жаман суук сөздөрдөн далдаалайын.

Жабыркатса жалгыздык келчи бери,

Жаман суук сөздөрдөн далдаалайын.

Эркелесең чарчабай эркелечи

Эс алчу кез биз үчүн эрте дечи.

Эркелесең чарчабай эркелечи

Эс алчу кез биз үчүн эрте дечи.